Борбордук басма-сөз бөлүмү

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّن بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَٰلِكَ فَأُولَٰئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

Сан No: 027/1440х 15 Ражаб 1440х 22/03/2019х

Басма сөз баянаты

# Халифалык чыгыш Туркистанды азат кылат жана уйгур мусулмандарын кылмышкер Кытай зулумунан куткарат

Кытайдын кылмышкер жетекчилери Мусулмандардын акимдеринин уйгур мусулмандарын жардамсыз таштап коюуларына алданып, кутурушууда. Бул акимдер чыгыш Туркистандагы мусулмандарга жардам кылууга шашылуунун ордуна долларларды абзел көрүштү. Алар өч - душманчылыгы болгон Кытай башчыларынын ишке ашырып жаткан коркунучтуу кылмыштарына көз жумушуп, көр жана дүлөй болуп алышты. Кылмышкер кытай башчылары бул мусулмандардын дини болгон Исламдан ажыратып таштоого жан үрөп, аракет кылышууда. Бул пайдасыз урунуу. Анткени, уйгурлардын ата - бабалары хижраттын биринчи кылымынын акырларында Ислам нурунан хидаят табышып, анын акыйдасын кабыл кылышкан күндөн тартып, Ислам алардын жүрөктөрүнүн түпкүрүнөн орун алган.

Кытай жетекчилери мусулмандарды диндеринен буруууга урунушуп, мечиттерди жабып таштап, мусулмандарды ибаадат кылуудан жана берекелүү Рамазан айында орозо тутуудан тосушууда, Исламдын ар кандай көрүнүшүнө каршы күрөш кылышууда. Бул аракеттер жада калса үлкөн концлагерлерди куруууга чейин жетти. Бул концлагерлерде бир миллиондон көп мусулмандар азап чегишүүдө. Бул жырткычтыктар удаама - удаа уюштурулуп жаткан кампаниялар алкагында ишке ашырылууда. Кытай башчыларынын жалган билдирүүлөрүнө көрө бул кампаниялардан максат "кайра тарбиялоо жана таалим" деген ураан астында "терроризмге каршы күрөшүү" экен. Кытай жетекчилери интелегенттер, аалымдар, муфаккирлер, университет мугалимдерин камакка таштапты. Булардан баарынан көздөлгөн максат коркуу сезимин жаюу, мусулмандардын жүрөгүнө коркуу салып, аларды моюн сунууга мажбурлоо, улуу Ислам динине болгон байланууларды туруксуз жана алсыз абалга келтирүү. Мисалы "интелженс" журналынын тараткан кабарына көрө, Кытай "Ислам ар кандай жол менен, жада калса кыйноолор жана һөлтүрүүлөр аркылуу болсо дагы даарылоо зарыл болгон өтө жугуштуу оорую" - деп жарыя кылды. Хьюнманс райтс вотч уюму болсо кытай башчыларынын мусулмандардын рухий жана физикалык кыйноо коркутуулары аркылуу Исламдан баш тартууга мажбурланып жатышканы тууралуу кабар таркатты. Кытай бийлигинин айтымына көрө бул жамандык үчтүгү: "Терроризм", "Экстремисттик пикир" жана "сепаратизмге" каршы күрөшүүгө мажбур болууда имиш. Бул тууралуу Би Би Си кабар таркатты. Мына ушундай жалган ураандар астында Кытай бийлиги репрессиялык амалдарды ишке ашырууда.

Кытай өкмөтү мына ушундай жырткычтык кампанияларынын баарын ишке ашырып жаткан учурда, мусулмандардын акимдери өз ара тил бириктирип, мусулмандарды жардамсыз таштап коюдан башка нерсеге жарабай жатканын көрүдөсүз. Буга мисал, Индонезия вице президенти Юсуф Каланын 2018 - жыл 17 - декабрда берген билдирүүсү. Ал Индонезия өкмөтүнүн чыгыш Туркистандагы уйгур мусулмандар азап чегип жаткан ички көйгөйлөргө аралаша албастыгын билдирди. Анын айтымына көрө, бул Кытай жетекчилигине тиешелүү иш экен. Кытай Индонезияда, Малайзия жана Пакистанда инвестор катары жеткизип берген бир алакан долларлар жана Кытай менен түзүлгөн соода келишимдери мусулмандардын акимдерин мына ушундай тизгиндеп койду, натыйжада алар Аллахтын чыгыш Туркистандагы мусулмандарга жардам берүүнү фарз кылган буйругуна да кулак салбай турган болушту.

Ошону менен бирге биз бул рувайбиза акимдердин Ислам үммөтүнүн өкүлдөрү эмес экенине толук ишенебиз. Биз Кытай бийлигин Исламий үммөттүн каарынан эскерткен абалда муну айтабыз, бул үммөт Роббисинин буйругуна кайтып, мына ушу акимдер салган кишендерди майдалап таштайт жана өзүнө чыгы Туркистан, Мянмар, Кашмир, Палестина жана башка мусулман жерлеринде зулум жана душмандык кылган кимселерден өч алуу үчүн албетте козголуп, бутка турат.

Кытай жетекчилери өздөрүнүн ата - бабаларынын таарыхынан үлгү алуулары керек. Анткени, ошол ата - бабалары мусулмандардын кошундарынын баатыр аскербашы болгон Кутайба ибн Муслимдин Кытай топурагына албетте кадам коюусу тууралуу ичкен касамын аткаруусунан качып кирерге тешик таппай калышкан эле. Ошондуктан Кытай падышасы анын алдына өз вазирлерин жана өкүлдөрүн жиберип, ага: "Биздин жерлерибизге кирбеңиз, биз сиз эмнени каалсаңыз берип, сизди ыраазы кылабыз, сиз каалаганча жизя төлөйбүз"- деп жалбарышкан болчу. Ошондо Кутайба аларга: "Мен Кытай жерине кадам коюшум тууралуу касам ичкенмин" - деп айтканда, алар: "Биз сизге касамдан кутулуу мүмкүнчүлүгүн түзүп беребиз" - дешти. Андан соң Кытай падышасынын өкүлдөрү барышып, Кытай топурагынан Кутайбага алып келишти жана ал ага кадам коюп, анын үстүнө турду жана алардан жизя алды, алар болсо кор болгон абалдарында жизя беришти.

Мусулмандар бул зулум, адилетсиздикке үнчукпай карап туруп, уктап жата беришпейт. Анткени алар бүгүн баштарынан кечирип жатышкан "кагылуу" жай мезгилиндеги бир өткүн булут сыяктуу. Жакында Аллахтын уруксаты менен тикеленүүчү Пайгамбарлык минхажындагы рашид Халифалык чыгыш Туркистандагы мазлум бир туугандарыбызга албетте жардам берет жана аларга зулум жана душмандык кылган ар бир кимседен албетте эсебин сурайт. Расулуллах (саллаллаху алайхи уа саллам) ушундай деди: **"Имам калкан сыяктуу, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат".** Ошондо Кытайы дагы, башкасы дагы мусулмандарга зыян жеткирүүгө даай албай калышат. Анткени ар бир зомбулук үчүн өч алынуусун өтө сонун билишет. Аллах күчтүү, Азиз - Жеңүүчү Зат!

**Доктор Усман Бахкаш**

**Хизб ут - Тахрир борбордук басма-сөз бөлүмүнүн жетекчиси**